| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br><br>СУЗАК РАЙОНУ<br>ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ<br>ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК<br>ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |

*ТОКТОМ* *ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

*«29» октябрь 2022-жыл.* *№14/3* *Жар-Кыштак айылы*

## ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ XIV СЕССИЯСЫНЫН ТОКТОМУ

**«Ырыс айыл өкмөтүнүн иш пландарына, бюджеттин чыгымдарына өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө»**

Кыргыз Республикасынын «Бюджеттик Кодекси», «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу», Мыйзамын жетекчиликке алып, Ырыс айыл өкмөтүнүн иш пландарына, жергиликтүү бюджетинин бөлүмдөр жана статьяларга өзгөртүүлөр киргизүү боюнча КЭБ башчысы В.Алимжановдун билдирүүсүн бюджет, финансы жана экономика боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун 21.10.2022-жылдагы протоколун талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесин негизинде бюджетти аткаруунун жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү» Мыйзамына ылайык чыгашалардын үнөмдөлгөн каражаттарды төмөнкүдөй тартипте кайра бөлүштүрүлсүн:

-Комуналдык чарба бөлүмүнүн (70629) "Транспорттук кызмат корсотуулор" беренесинен (ст.2214) 120,0 мин сомго;
-Китепкана бөлүмүнүн (70821) «мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар" беренесинен (ст.2221) 40,0 мин сомго;
-Мектепке чейин билим берүү бөлүмүнүн (70911) «башка тейлөө кызматтарын алуу" беренесинен (ст.2215) 50,0 миң сомго;
-Башталгыч мектеп бөлүмүнүн (70923) «башка тейлөө кызматтарын алуу" беренесинен (ст.2215) 20,0 миң сомго, "имараттар жана курулуш" беренесинен (ст.3111) 200,0 миң сомго;
-Мектептен тышкары билим беруу бөлүмү (70961) «башка тейлөө кызматтарын алуу" беренесинен (ст.2215) 50,0 миң сомго; мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар беренесинен (ст.2221) 20,0 мин сом, жалпысы болуп 500,0 мин сомго кыскартылысын.

2. Жогорудагы кыскартылган 500,0 мин сом каражатты
-башкаруу бөлүмүнүн (70111) "транспорттук кызмат көрсөтүүлөр" беренеси (ст.2214) 32,0 мин сомго;
- Коммуналдык чарба бөлүмүнүн (70629) «Мулкту учурдагы ондоого кеткен чыгымдар" беренеси (ст.2221) 253,0 мин сомго;
- Маданият бөлүмү (70823) «имараттар жана курулуштар" беренеси (ст.3111) 80,0 миң сомго;
- Мектепке чейин билим берүү бөлүмүнүн (70911) "тамак ашы сатып алуу" беренеси (2218) 35,0 мин сомго, "мүлктү учурдагы оңдоого чыгашалар" беренеси (ст.2221) 50,0 миң сомго, «комурду сатып алуу жана отундун башка турлорун алуу" беренеси (ст.2224) 50,0 миң сомго көбөйтүлсүн.

3. 2022-жылга бекитилген чыгымдарга ушул чечим менен киргизилген өзгөрүүлөрдүн негизинде бюджеттик классификацияларга ылайык келтирүү айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Халиловко жана КЭБ башчысы В.Алимжановго жүктөлсүн.

4. Бюджеттик чыгымдарга өзгөртүү киргизүү Финансы Министрлигинин Сузак башкармалыгынан суралсын.

5. Ушул токтомду аткаруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Халиловко жана КЭБ башчысы В. Алимжановго милдеттендирилсин.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө бюджет, финансы жана экономика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Н.Жусупбаевке тапшырылсын.

7. Токтомду Юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүү айыл кенештин жоопту катчысыА.Сатвалдиевке милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Ш. М. Кадиркулов.**